Ош облустук коомдук-саясый гезити

www.oshinfo.kg

Ош жаңырыгы

ГЕЗИТ 1938-ЖЫЛЫ 14-ОКТЯБРЫНДА НЕГИЗДЕЛГЕН: "КЫРГЫЗСТАН БОЛЬШЕВИГИ", "ЛЕНИН ЖОЛУ"

№22 [17018] ИШЕМБИ, 25/07/2026

ДӨҢ-БУЛАК - ӨНҮГҮҮ ЖОЛУНДАГЫ АЙЫЛ АЙМАК



5-бетте

Кызыл-Кыя медициналык колледжи - заманбап окуу жайы



4-бетте

Үй-бүлө – моралдык тарбиянын жана бактылуу келечектин негизи



3-бетте

Ишкердүүлүк үчүн колдоо көрсөткөн долбоорлор



6-бетте

ИСПАНИЯ ЭКИНЧИ ИРЕТ ЧЕМПИОН БОЛДУ



8-бетте

“Ош жаңырыгы” сиздер менен!

“Ош жаңырыгы” гезитине 2026-жылдын II жарым жылдыгы үчүн жазылуу жүрүп жатат.

Жазылуу баасы 6 айга 600 сом (1 даана), 1 жылга 1200 сом.

Курьер кызматы жана почта аркылуу жазылганда баа өзгөрөт.

Балдардын жашоосун жакшыртуу маселелери талкууланды



КР Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн орун басары Талантбек Арстанкулов БУУнун Балдар фондунун, ЮНИСЕФтин өкүлдөрү менен жолугушту. Жолугушууга ЮНИСЕФтин Кыргыз Республикасындагы өкүлүнүн орун басары Ана Даутова, ЮНИСЕФтин Ош зоналдык офисинин жетекчиси Айсулуу Сулайманова, ЮНИСЕФтин саламаттыкты сактоо программасынын жетекчиси Казутка Секиаи катышты.

Жолугушуунун жүрүшүндө тараптар ЮНИСЕФтин Ош облусундагы учурдагы долбоорлорунун жана 20226 -2027 жылдарга карата артыкчылыктуу багыттарын талкуулашты.

Талантбек Арстанкулов Ош облусунда балдардын жана жаштардын жашоо шартын жакшыртуу багытында аткарылып жаткан иштер тууралуу маалымат берди. ЮНИСЕФ менен болгон кызматташтыкты мынданы ары да тереңдетүүгө даяр экендиктерин билдирди.

Өз кезегинде ЮНИСЕФтин өкүлдөрү облустагы социалдык долбоорлорго колдоо көрсөтүүнү улантаарын жана эки тараптуу кызматташтыктын натыйжалуу болоорун белгилешти.

Даярдаган:
К.Кыдыралиева.

Кыргыз-Өзбек Эл аралык университетине жаңы ректор дайындалды



Кыргыз Республикасынын Илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлигинин буйругу менен Батыралы Сыдыков атындагы Кыргыз-Өзбек Эл аралык университетинин ректору болуп физика-математика илимдеринин кандидаты, доцент Алтынбек Зулпукаров дайындалды.

Жаңы ректорду университеттин эмгек жамаатына Кыргыз Республикасынын илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлигинин Жогорку, орто кесиптик жана жогорку окуу жайынан кийинки билим берүү башкармалыгынын башчысы Айнура Исираилова тааныштырды.

Алтынбек Зулпукаров 1989–1994-жылдары Ош мамлекеттик университетинин физика-математика факультетинде билим алып, «Математика, информатика жана эсептөө техникасы мугалими» адистигине ээ болгон.

2010-жылы физика-математика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын ийгиликтүү жактап, 2014-жылы «Математика» адистиги боюнча доцент окумуштуулук наамын алган. Бүгүнкү күндө 21 илимий макаланын жана 11 окуу-усулдук колдонмонун автору.

Эмгек жолун лаборант жана инженер-программист кызматтарынан баштап, окутуучу, кафедра башчысынын орун басары, декандын орун басары, факультеттин деканы, окуу департаментинин директору, проректор, окуу иштери боюнча проректор, университеттин ректорунун милдетин аткаруучу, «Математика, физика жана окутуунун усулдары» кафедрасынын доценти, ошондой эле «Квалификацияны жогорулатуу жана кадрларды кайра даярдоо» борборунун башчысы кызматтарында үзүрлүү эмгектенген.

Маалымат катары билдирсек, ректорлук кызматка тандоо ачык конкурстук негизде өткөрүлгөн.

КӨЭАУнун Коммуникация жана медиа департаменти.

Татаал операция ийгиликтүү жасалды

Ош мамлекеттик университетинин медициналык клиникасында тубаса жүрөк кемтиги менен төрөлгөн бир күндүк наристеге татаал операция ийгиликтүү жасалды. Учурда ымыркайдын абалы канааттандырарлык.

Бала төрөлгөндөн кийин эле дарыгерлер анда оор жүрөк кемтигин аныкташкан. Анын өмүрүн сактап калуу үчүн шашылыш чара көрүү зарыл болгон. Адистер кеңешмесинин чечими менен Рашкинд ыкмасы, башкача айтканда баллондук атриосептостомия жасоо чечилген.



Операцияны клиниканын рентгенэндоваскулярдык хирургу Заирбек Сыргаев башында турган адистер тобу жүргүздү.

«Рашкинд операциясы – жүрөктүн тубаса айрым оор кемтиктеринде колдонулуучу минималдуу инвазивдүү процедура болуп саналат. Бул ыкмада дене кесилбей, сан же киндик венасы аркылуу атайын катетер жүрөккө жеткирилет. Катетердин учундагы кичинекей баллон жүрөктүн оң жана сол дүлөйчөлөрүнүн ортосундагы тешикти кеңейтүүгө жардам берет. Натыйжада кан айлануу жакшырып, организмге кычкылтектин жетиши жогорулайт», –дейт Сыргаев.

Ушул эле ыкма менен салмагы бар болгону беш килограмм болгон 10 айлык наристеге, эки айлык ымыркайга да операция ийгиликтүү жасалган.

Адистердин айтымында, бул сыяктуу операциялар Кыргызстандын түштүгүндө сейрек жасалат. ОшМУнун клиникасында мындай заманбап операциялар быйылкы жылдын февраль айынан тарта башталды. Максат – жүрөк-кан тамыр оорулары боюнча заманбап дарылоо ыкмаларын өнүктүрүп, түштүк аймактагы балдарга сапаттуу медициналык жардам көрсөтүү мүмкүнчүлүгүн кеңейтүү болууда.

З.Нуралиева,
ОшМУнун басма сөз катчысы.

Прокурордук көзөмөл

Жер тилке муниципалдык менчикке кайтарылды

2024-2025-жылдары сотто каралган жарандык жана административдик иштердин абалы тууралуу маалымдайбыз. Кыргыз Республикасынын прокуратурасы мыйзамдуулукту камсыз кылуу жана мамлекеттин, коомдун жана жарандардын мыйзам менен корголуучу кызыкчылыктарын коргоо боюнча ыйгарым укуктарды жүзөгө ашырат. Мыйзамда каралган учурларда прокурор сотко жарандык жана административдик доолор менен кайрылууга укуктуу.

2024–2025-жылдар аралыгында Ош шаарынын прокуратурасы тарабынан Ош облусунун административдик сотуна 9 административдик доо берилген. Алардын ичинен 7 доо канааттандырылып, 2 доо учурда соттун кароосунда турат. Мындан тышкары, Ош шаардык сотуна 8 жарандык доо арыз берилген. Алардын ичинен 5 доо арыз канааттандырылып, 3 жарандык иш учурда каралууда. Ошондой эле мурдагы жылдары сотко берилген, бирок, 2024–2025-жылдары каралган 42 доонун ичинен 34 доо канааттандырылып, 3 доо боюнча канааттандыруудан баш тартылып, 5 доо учурда соттун кароосунда турат. Канааттандырылган айрым доо арыздардын негизинде мыйзамсыз берилип кеткен муниципалдык жер тилкелерди кайтаруу боюнча ыкчам аракеттер көрүлүүдө. Мисалы, Ош шаарынын Абдыкадыров көчөсүндөгү №26 жана №11 үйлөрдүн ортосундагы курулушу бүтө элек гараждардын алдындагы аянты 1190,0 чарчы метрди түзгөн жер тилке Ош шаарынын мэриясынын 2007-жылдын 15-июнундагы №388 токтомунун негизинде жеке жактарга мыйзамсыз сатылып кеткен. Бул факты боюнча Ош шаарынын прокуратурасы административдик жана жарандык доолорду келтирип, алар толугу менен канааттандырылган. Натыйжада, соттук чечимдердин негизинде аталган жер тилке муниципалдык менчикке кайтарылып берилген. Бул багыттагы иштер мындан ары да күчөтүлгөн тартипте улантылат.

А.Билимова,
Ош шаарынын прокуратурасынын бөлүмүнүн прокурору, юстициянын капитаны.

Коррупциянын бардык түрлөрүнө бөгөт коюлууда

Ош шаарынын прокуратурасы тарабынан коррупцияга каршы аракеттенүү багытындагы жүргүзүлгөн иш- аракеттери жөнүндө билдиребиз.

Коррупцияга каршы күрөш – укук коргоо органдарынын гана эмес, жалпы коомдун милдети. Ар бир жаран мыйзам талаптарын так сактап, коррупциялык көрүнүштөргө кайдыгер карабаган учурда гана адилеттүү жана ачык коомду кура алабыз.

Ош шаарынын прокуратурасы тарабынан коррупцияга каршы аракеттенүү багытында 2026-жылдын 1-жарым жылдыгында жалпы 17 текшерүү жүргүзүлүп, анын жыйынтыгы менен 34 мыйзам бузуулар аныкталган. Жыйынтыгы менен 30 мыйзам бузуучулук четтетилип, ченемдик укуктук актынын бузулушун четтетүү жөнүндө 7 сунуш келтирилип, мыйзам бузууларды четтетүү жөнүндө 2 талап келтирилип, 15 кызмат адамдары тартиптик жоопкерчиликке тартылган. Келтирилген прокурордук актылардын негизинде 1 650 167 сом акча каражаты мамлекетке акчалай түрдө өндүрүлүп, Ош шаарынын прокуратурасынын Кылмыштын бирдиктүү реестрине 8 кылмыш иши катталган.

2026-жылдын 1-жарым жылдыгында Ош шаарынын прокуратурасында ишкер субъектилердин, укук коргоо жана контролдоочу органдарынын катышуусу менен жолугушуулар өткөрүлгөн. Ошондой эле, кезектеги Координациялык кеңешменин жыйыны өткөрүлүп, Координациялык кеңешменин чечими менен тийиштүү органдарга тапшырмалар берилип, алардын аткарылышы көзөмөлдө. Прокурордук текшерүүлөрдүн жүрүшүндө муниципалдык мүлктү пайдалануу, жер мамилелеринде, бюджеттик каражаттарды сарптоодо, мамлекеттик сатып алууларда жана жер казынасын пайдалануу тармагында мыйзам бузуулар аныкталууда. Аныкталган мыйзам бузуулар боюнча прокурордук чара көрүү актылары киргизилип, күнөөлүү кызмат адамдары мыйзамда белгиленген жоопкерчиликке тартылып, мамлекеттин кызыкчылыктары корголууда. Ош шаарынын прокуратурасы мыйзамдуулукту камсыз кылуу, мамлекеттик жана коомдук кызыкчылыктарды коргоо, ошондой эле коррупциянын бардык түрлөрүнө бөгөт коюу боюнча көзөмөлдү мындан ары да ырааттуу улантат.

Н.Н.Сагынбеков,
Ош шаарынын прокуратурасынын бөлүмүнүн улук прокурору.

Үй-бүлө – моралдык тарбиянын жана бактылуу келечектин негизи

«Балдарды тарбиялоо — бир жагынан эмгек, экинчи жагынан милдет».
Ф. М. Достоевский.

Орус педагогу Н. И. Пирогов айткандай: «Эгер, баланы окутпасаң, толук билимсиз кылып өстүрүп алышың мүмкүн; ал эми тарбиялабасаң, алар өздөрү каалагандай өсүп-өнүгүп калышы ыктымал». Дегенибиздей, кыргыз эли илгертеден эле бала тарбиясына өзгөчө маани берип, «Бала – үйдүн көркү, балалуу үй – базар» деп, жаш муундун адеп-ахлагына, жүрүм-турумуна чоң көңүл буруп келген.



Эреже катары, мораль жөнүндө сөз болгондо адамдар дароо эле этика түшүнүгүн эстешет. Мен аны мындайча түшүндүрөт элем: этика – бул адамдын коомдогу жүрүм-турумун жөнгө салган, анын кандай жашоосу жана кандай мамиле кылышы керек экендигин аныктаган нормалар менен принциптердин системасы. С. И. Ожегов өзүнүн «Орус тилинин түшүндүрмө сөздүгүндө» этиканы адамдын жүрүм-турум эрежелерин жана коомдогу моралдык талаптарды изилдеген түшүнүк катары карайт.

Адеп-ахлак адамдын өзүнө, коомго жана мекенине карата алган милдеттенмелеринен турат. Бул – адамдын аң-сезиминде калыптанган, анын жүрүм-турумун, ой жүгүртүүсүн жана иш-аракеттерин жөнгө салган моралдык нормалардын, принциптердин жана баалуулуктардын жыйындысы. Ал адамдын турмуштук тажрыйбасынын негизинде калыптанып, анын ички руханий жана моралдык өзөгүн түзөт.

Ошондуктан, менин оюмча, моралдык билим берүү дал ушул негизди түптөөгө багытталышы керек. Адам жакшы менен жаманды, туура менен туура эмести, пайдалуу менен зыяндууну айырмалай билүүгө үйрөнүп, ошол түшүнүктөрдү өзүнүн аң-сезимине сиңиргенде гана чыныгы моралдык тарбия калыптанат. Мындай тарбия баланын жашоодогу жүрүм-турумун жөнгө салган ички мыйзамга айланат. Адеп-ахлактык билим берүүнүн негизги максаты – адамды жетектеген ички руханий сапаттарды өнүктүрүү. Башкача айтканда, ал адамдын башка адамдарга жана коомго карата болгон этикалык нормаларын, принциптерин жана жүрүм-турум эрежелерин калыптандырууга жардам берет. Бул белгилүү бир деңгээлде адамдын моралдык аң-сезиминин пайда болушуна шарт түзөт.

Моралдык тарбия бүгүнкү күндө коомдук шарттарга жараша өзүнүн мазмунун өзгөртүп, заманбап балдардын тарбияланышына өз таасирин тийгизип келет. Азыркы балдар маалыматты тез кабыл алган, дүйнө таанымы кең, ачык ойлуу жана жаңы түшүнүктөргө умтулган муун болуп өсүп жатышат. Бирок, ошол эле учурда кээ бирде алар ата-энелеринин көңүл буруусунан, сүйүүсүнөн жана мээриминен ажырап калгандай сезимде болушу мүмкүн.

Баланын инсандык сапаттары үй-бүлөдөгү ата-эненин ага болгон мамилесине, алардын тарбиялык багыттагы билимине жана үй-бүлөлүк баалуулуктарга жараша калыптанат. Үй-бүлөнүн материалдык муктаждыктарын камсыз кылууга аракет кылып жатып, ата-энелер кээде баланын эң негизги муктаждыгы болгон көңүл буруну, сүйүүнү, колдоону жана жылуу сөздөрдү унутуп коюшу мүмкүн.

Кээде балага айтылган жөнөкөй гана: «Эгер, мен жаңылышсам, кечирчи. Сени аябай жакшы көрөм, сүйөм!», – деген сөздөр анын ички дүйнөсүнө чоң таасир берет. Мындай сөздөр балага өзүнүн маанилүү экенин сездирип, анын эмоционалдык жактан туура өнүгүшүнө жардам берет. Үй-бүлө салт боюнча тарбия берүүнүн негизги институту болуп келген жана ал азыр да ошол маанисин сактап келет. Баланын алгачкы жылдарында үй-бүлөдө алган тажрыйбасы анын өмүр бою коштоп жүрөт. Үй-бүлөнүн тарбия берүүчү институт катары мааниси, биринчиден, бала өмүрүнүн көп бөлүгүн ошол чөйрөдө өткөргөндүгү менен түшүндүрүлөт.

Башка эч бир билим берүү мекемеси үй-бүлөнүн баланын инсандык калыптанышына тийгизген таасир күчүнө тең келе албайт. Дал ушул үй-бүлөдө баланын мүнөзүнүн, дүйнө таанымынын, адеп-ахлактык түшүнүгүнүн жана инсандык сапаттарынын пайдубалы түптөлөт. Ошондуктан бала мектепке, биринчи класска барган учурда эле белгилүү деңгээлде инсан катары калыптанып калган болот.

Заманбап үй-бүлө жөнүндө бүгүнкү күндө көп жазылып, көп айтылат. Ош шаарындагы мектептерде жүргүзүлгөн сурамжылоолордун жыйынтыгына ылайык, мугалимдердин үчтөн бири балдарын туура тарбиялай албагандыгы үчүн үй-бүлөнү жооптуу деп эсептешет. Бирок, Ош шаарындагы айрым мектептердин 5-классынын жана 9-классынын окуучуларынын арасында жүргүзүлгөн социалдык-психологиялык сурамжылоонун жыйынтыгында алардын басымдуу бөлүгү балдарды тарбиялоо жана моралдык жактан өнүгүүсүндө негизги ролду мектепке эмес, үй-бүлөгө ыйгаргандыгы байкалды. Тактап айтканда, 5-класстын окуучуларынын 75 пайызы, ал эми 9-класстын окуучуларынын 60 пайызы үй-бүлөнү негизги тарбия берүүчү чөйрө катары белгилешкен. Ошол эле учурда ата-энелер (5-класстын окуучуларынын арасында жүргүзүлгөн сурамжылоонун негизинде) үй-бүлөнүн маанилүү ролун моюнга алышканы менен, негизинен мектеп бул тарбиялык ишти улантып, баланын инсандык өнүгүүсүнө багыт берүүчү негизги мекеме болушу керек деген пикирлерин билдиришкен.

Муну төмөнкү себептер менен түшүндүрүүгө болот:

Биринчиден, бала өмүрүнүн көпчүлүк бөлүгүн мектепте эмес, үй-бүлөдө өткөрөт. Ошондуктан анын алгачкы дүйнө таанымы, жүрүм-туруму жана жашоого болгон көз карашы үй-бүлөдө калыптанат.

Экинчиден, бала ата-энесинин жана жакын туугандарынын жүрүм-турумун күн сайын байкайт. Ал аларды сүйөт, аларга ишенет жана көп учурда алардын аракеттерин үлгү катары кабыл алып, туурайт. Натыйжада анын инсандык сапаттары үй-бүлөдөгү мамилелердин негизинде өнүгөт.

Үчүнчүдөн, мектеп үй-бүлөлүк тарбиянын улантуучусу болуп саналат. Ал үй-бүлөдө калыптанган түшүнүктөрдү билим берүү процессинин жардамы менен бекемдеп, баланын моралдык өнүгүүсүнө багыт берет.

Эгер, бала үй-бүлөдөн туура тарбия алып, мектепке моралдык түшүнүктөр менен келсе, анда ал өзүнүн принциптерине каршы келген аракеттерге туруштук бере алат. Ошондуктан балдарды эң биринчи кезекте үй-бүлөдө, эрте жашынан баштап тарбиялоо зарыл. Ошондо алар мектепке белгилүү бир моралдык түшүнүк, жоопкерчилик жана адеп-ахлактык баалуулуктар менен келишет.

Балдарды коомдун талаптарына ылайык тарбиялоодо адеп-ахлактык тарбия чоң мааниге ээ. Ар бир адам, кайсы жерде төрөлүп-өскөнүнө карабастан, туура тарбия алууга муктаж. Эң негизгиси — алган тарбиясын өзүнүн инсандык сапаттарына айландырып, аны жашоосунда колдонууга үйрөнүшү керек. Ошентип, окуучулардын дээрлик жүз пайызы үй-бүлө моралдык тарбиянын негизи деп эсептешет. Бул туура көз караш. Анткени сапаттуу тарбия берилген үй-бүлөдө ата-энелер балдарынын жакшы адам болуп өсүшүнө өзгөчө кам көрүшөт. Баланын моралдык мүнөзүнүн калыптанышы жөнүндө ата-энелердин тынчсыздануусу да дал ушундан келип чыгат.

Моралдык жактан калыптанган бала өзүнүн абийиринен тайбайт. Мындай адамдар өздөрү ишенген моралдык принциптерге, коомдук эрежелерге жана адамдык баалуулуктарга ылайык жашоого аракет кылышат. Адеп-ахлактык бүтүндүк деген – берген сөздү сактоо, достукка берилген болуу, сүйүүдө жана мамиледе таза, чынчыл болуу дегенди билдирет. Бул сапаттар адамда өмүр бою калыптанып, өнүгүп турат. Бирок, негизги адеп-ахлактык сапаттар психологиялык жактан алганда балалык, өспүрүм жана жаштык курakta түптөлөт.

Баланын алгачкы жылдары негизинен үй-бүлөнүн таасири менен өткөндүктөн алар ата-энесинин үлгүсүнө өтө сезимтал болушат. Ата-энелеринин туура жана туура эмес, жакшы менен жаманды түшүнүүсүн кабыл алып, ошол аркылуу моралдык жүрүм-турумдарды үйрөнүшөт. Үй-бүлөдө көргөн мамилелер жана жасалган аракеттер кийинчерээк баланын тарбиясынын негизги булагына айланат.

Үй-бүлөдө туура жашоо жөнүндө жөн гана айтып коюу жетишсиз. Балдарга жакшы жүрүм-турум адаттарын калыптандырууга практикалык мисалдар аркылуу жардам берүү керек. Ата-энелердин сөздөрү, жакшылык менен жамандык тууралуу айтып берген окуялары, жаныбарлардын жана өсүмдүктөрдүн жашоосу жөнүндө берген алгачкы маалыматтары – мунун баары баланын моралдык түшүнүктөрүнүн баштапкы негиздерин түзөт. Эгер, ата-эненин сөздөрү тынч, мээримдүү жана түшүнүктүү үн менен айтылса, ал баланын аң-сезимине терең сиңет. Ал эми кемсинткен, орой мамиле баланын ички дүйнөсүнө терс таасирин тийгизип, кичинекей балдарда да, өспүрүмдөрдө да каршылык, ишенимсиздик жана башка жагымсыз инсандык сапаттардын пайда болушуна алып келиши мүмкүн.

Моралдык тарбиянын кайсы жерде ролу чоң экендигин аныктап көрөлү. Менин оюмча, моралдык нормаларга көбүрөөк көңүл үй-бүлөдө бурулат. Балалык кезден баштап үй-бүлө балдарга улууларды жана айланадагыларды урматтоону, жакындарына зыян келтирбөөнү, сабырдуу жана чыдамкай болууну үйрөтөт. Мектепте башталгыч класстарда мугалимдер ата-энелер тарабынан балдарга сиңирилген жакшы сапаттарды өнүктүрүп, бекемдеп беришет. Ал эми жогорку класстарда моралдык тарбия көбүнчө адабият, тарых жана коом таануу сыяктуу коомдук багыттагы сабактар аркылуу жүргүзүлөт. Менин оюмча, бул үй-бүлөдө берилген тарбиянын уландысы болуп саналат.

Бирок, бардык үй-бүлөлөр бирдей эмес. Айрым үй-бүлөлөрдө моралдык баалуулуктарга жетиштүү көңүл бурулбай калышы мүмкүн. Ошондуктан кээ бир балдар үчүн мектептеги тарбия өзгөчө мааниге ээ болот. Натыйжада, мектеп да, үй-бүлө да адамдын жашоосунда маанилүү ролду ойнойт. Алар бири-бирин толуктап, баланын ар тараптуу өнүгүүсүнө шарт түзөт.

Ата-энелердин бири менен суроо-жооп иретинде маектешкенибизде төмөнкүдөй жооп алдык:

«Менин оюмча, адам чыныгы моралдык тарбияны үйдөн, мектептен жана коомдук чөйрөдөн алат. Бирок, тарбиянын негиздери биринчи кезекте үй-бүлөдө түптөлөт. Анткени адамдын көз карашы, жашоодогу позициясы, жеке сапаттары, сезимдери жана баалуулуктары үй-бүлөдөгү мамилелер аркылуу калыптанат. Эгер, үй-бүлө ынтымактуу жана биримдиктүү болсо, бул адамдын моралдык сапаттарына абдан оң таасирин тийгизет. Мындай адамдар айланасындагыларды урматтап, жүрөктөн чыккан мээримдүү иштерди жасоого умтулушат».

Мектепте балдар ар кандай адамдар менен аралашып, алардын мүнөзүнө, жаш өзгөчөлүгүнө же социалдык абалына карабастан, баары менен тил табышууну үйрөнүшөт. Азыркы учурда мектеп мурдагыдай гана таасир берүүчү жай болбосо да, ал баланы коомдо өзүн туура алып жүрүүгө, ар кандай кырдаалда башкаларга сабырдуу мамиле кылууга үйрөтүүдө маанилүү орунду ээлейт. Балдар менен иштөөдө табигый көрүнүштөрдү жана адамдардын аракеттерин бирге талкуулоо, алар жөнүндө ой жүгүртүү жана баалоого үйрөтүү — эң натыйжалуу тарбиялык ыкмалардын бири болуп саналат. Башкача айтканда, ата-эне баланы даяр жоопко үйрөтпөстөн, өз алдынча туура жыйынтык чыгарууга багытташы керек. Ата-энелер балдарга жакшылык менен жамандыкка болгон өз мамилесин түшүнүүгө, аны аңдап билүүгө жардам берет. Күндөлүк жашоодо кездешкен жөнөкөй окуялар мындай тажрыйбаны калыптандыруу үчүн чоң мүмкүнчүлүк түзөт.

Мисалы, даракка чыгып, канаттуулардын уясын талкалаган балдарды элестетели. Эгер, куштардын балапандары өлүп, алардын энеси даректын айланасында айланып, кыйналып жүргөнүн балага түшүндүрүп көрсөтсө, анда анын жаныбарларга болгон боорукерлик жана жоопкерчилик сезими ойгонот. Бала мындай аракеттин туура эмес экенин түшүнүп, жаныбарларга зыян келтирбөө керектигин кабыл алат. Ошондой эле дарактын кабыгы сыйрылып, бутагы сынып, ал жерден шireси агып жатканын балага түшүндүрүү аркылуу жаратылышка болгон камкор мамилени калыптандырууга болот. Баланын түшүнүгүндө дарак «ооруп», «ыйлап» жаткандай кабыл алынат. Ал дарак куурап, өлүп калышы мүмкүн экенин түшүнөт. Эгер, ата-эне ошол жараланган дарактy сактап калуу үчүн жараатын жаап, боёп, кам көрүп жатканын көрсөтсө, бала алсыздарга жана жардамга муктаж болгондорго жардам берүүнүн биринчи сабагын алат. Мындай тажрыйба аркылуу бала келечекте дарактын бутактарын сындырбоону, куштардын уяларын бузбоону үйрөнөт.

Бул сезимдер бара-бара башка адамдарга болгон мамилеге да өтөт. Мисалы, эгер, эне көчөдө жардам сураган кары адамдан четтеп өтпөй, ага колдон келишинче жардам берсе, бала мээримдүүлүктүн жана кайрымдуулуктун үлгүсүн көрөт. Кийин ал өзү да муктаж адамдарга жардам берүүгө даяр, боорукер инсан болуп чоңоёт. Ал эми ата-эне мындай үлгү көрсөтө албаса, балада мээримдүүлүк, боорукерлик жана кайрымдуулук сезимдеринин өнүгүшү кыйын болушу мүмкүн.

(уландысы кийинки санда)

Н.А.Закиров,
Ош шаарынын мэриясынын социалдык өнүгүү бөлүмүнүн башчысы.

Кызыл-Кыя медициналык колледжи - заманбап окуу жайы



Ар бир билим берүү мекемесинин ийгилиги анын жетекчисинин уюштуруучулук жөндөмүнө, жоопкерчилигине жана келечекке болгон көз карашына түздөн-түз байланыштуу эмеспи. Ошондой мыкты жетекчилердин бири Кызыл-Кыя шаарындагы медициналык колледждин директору Марат Абдуракманов. М.Абдуракманов саламаттыкты сактоо тармагында кесипкөй адистерди даярдоодо үзгүлтүксүз эмгектенип келе жатат. Ал жетекчи катары таанымал. Анын жетекчилиги астында медициналык окуу жайында билим берүүнүн сапатын жогорулатууга, заманбап окуу технологияларын колдонууга жана студенттердин теориялык жактан алган билимдерин практикалык көндүмдөр менен айкалыштырууга өзгөчө көңүл бурулат.

М. Абдуракманов жетекчи катары жамаатынын ынтымагын бекемдеп, окутуучулардын кесиптик чеберчилигин жогорулатууга жана жаштарды адептүүлүккө, мекенчилдикке тарбиялоого өзүнүн салымын кошуп келүүдө. Медициналык колледждин материалдык-техникалык базасын чыңдоого, жаңы долбоорду иш жүзүнө ашырууга, медициналык мекемелер менен кызматташууну өнүктүрүү багытында бир топ иштерди аткарды. Медициналык колледждин жамааты студенттерге сапаттуу билим берүүдө, өлкөнүн саламаттыкты сактоо тармагына татыктуу адистерди даярдап чыгарышууда. Жетекчинин эмгеги кесиптештери тарабынан жогору бааланып, жаш муундар үчүн үлгү болуп келет. Бүгүнкү күндө окуу жайдын бүтүрүүчүлөрү өлкөбүздүн ар кайсы аймактарында жана чет өлкөлөрдө эмгектенишип, калктын кызматында.



Марат Абдуракмановдун көп жылдык эмгеги бааланып, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Ардак грамотасы, “Кыргыз Республикасынын саламаттыкты сактоосунун мыктысы» төш белгиси жана областтык жана шаардык бийлик органдарынын бир канча Мактоо грамоталары менен сыйланган.

Быйылкы жылы Кызыл-Кыя шаарындагы медициналык колледждин түптөлгөнүнө 70 жыл болот. Ошол жылдардын аралыгында, өлкөбүздүн саламаттыкты сактоо тармагына миңдеген орто медициналык адистерди даярдап чыгарган окуу жайы мындан ары өзүнүн бай тажрыйбасын улантып, коомго керектүү кесип ээлерине билим, тарбия берет деген чоң ишеничтебиз.

Колледждин тарыхы

1951-жылы Ош шаарындагы 2 жылдык медайымдар мектеби Кызыл-Кыя шаарына ачылып, өзүнүн ишин уланта баштаган. Окуу жайы жаңыдан гана ачылгандыктан 30 гана студент билим алган. Окуу жайы Ноокатта, Кадамжайда, Баткенде, Лейлекте, Айдаркенде, Караванда жана Үч-Коргондо медициналык кызматкерлердин жетишсиздигинен ачылган. Медициналык окуу жайы Кызыл-Кыя шаарында шаардык ооруканага жакын жерде жайгашкан. Ошондой эле оорукана бул окуу жайы үчүн тажрыйбалык база болуп калды.

1952-жылы окуу жайда билим алган студенттердин саны 90го жеткен. 1954-жылы медициналык окуу жайында билим алуунун мөөнөтү 2 жыл 10 айды түзүп, кошумча акушердик жана фельдшердик кесиптер ачылган. Ошентип, ал жылы студенттердин саны 120га жеткен.

Кыргыз Республикасынын Саламаттыкты сактоо министрлигинин буйругу менен 2008-жылдын 10-декабрында № 3639 Кызыл-Кыя медициналык окуу жайы медициналык колледж болуп түзүлдү. 2021-жылдын 20-сентябрында № 1309 уставы бекитилген.



2026-2027-окуу жылына кабыл алуу планы:

- «Дарылоо иши», бюджет 50.
- «Медайым (медмырза) иши», бюджет-50.
-Медайым (медмырза) иши, келишимдик негизде-50.
-«Фармация», келишимдик негизде-50.
-«Акушердик иши», келишимдик негизде-25.
-«Тиш техниги», келишимдик негизде-25.

Студенттер алты кесиптик багыт боюнча билим алышат

Азыркы учурда студенттер алты кесиптик багыт боюнча билим алышат. Учурда окуу жайда 65тен ашуун кесипкөй жана тажрыйбалуу окутуучулар курамы кесиптик компетенттүүлүккө ээ болгон адистерди даярдоо үчүн өздөрүнүн үлүштөрүн кошуп келишүүдө.

Окуу процессин жүргүзүү үчүн Кызыл-Кыя медициналык колледжди төмөндөгү кесиптер боюнча окутуу ишин алып барышат: «Медайым иши», «Дарылоо иши», «Акушердик иш», «Фармация», «Тиш техниги».

Окуу жайдын базасы жөнүндө айта кетсек, окуу жай 4 кабаттуу, окуу корпусунда атайын 108 кесиптик аудиториялар бар. Кызыл-Кыя медколледжине караштуу дарыкана, клиникалык базасында шаардык ооруканандын территориясында 16 окуу каанасы жана лабораториясы бар. Ал эми окуу жайдын жатаканасында 20 окуу каанасы жана лабораториясы камтылган. Атайын спорттук оюндарга ылайыкташтырылган спорт аянтчасы да бар.

2026-2027-окуу жылы үчүн төмөндөгү адистиктер боюнча абитуриенттер кабыл алынат:

-Адистик 06 0101 «Дарылоо иши» Квалификациясы фельдшер. Окуу мөөнөтү 3 жыл 6 ай.

Окутуунун түрү-бюджеттик негизде. Окутуу кыргыз жана орус тилдеринде жүргүзүлөт.

-Адистик 060106. «Ортопедиялык стоматология». Квалификациясы тиш техниги. Окуу мөөнөтү, 2 жыл 10 ай.

Окутуунун түрү-келишимдик негизде. Окутуу кыргыз жана орус тилдеринде жүргүзүлөт.

-Адистик- 06 0108. «Фармация». Квалификацияс - фармацевт. Окуу мөөнөтү, 2 жыл 10 ай. Окутуунун түрү - келишимдик негизде. Окутуу кыргыз жана орус тилдеринде жүргүзүлөт.

Адистик 060109. «Медайым иши». Квалификация медайым. Окуу мөөнөтү 2 жыл 10 ай. Окутуунун түрү-бюджеттик жана келишимдик негизде. Окутуу кыргыз жана орус тилдеринде жүргүзүлөт.

Кызыл-Кыя шаардык медициналык колледжине тапшыруу үчүн төмөнкү документтер керектелет:

1.Аттестат+ аттестаттын көчүрмөсү.
2.Паспорт + паспорттун көчүрмөсү.
3.Сүрөт 3х4 8 даана.
4.Медициналык справка (086)
5.Медициналык справка (063)
6.Ата-энесинин паспортторунун көчүрмүлөрү.
7.Приписнойдун көчүрмөсү (эркек балдар үчүн.
8. ЖРТ жыйынтыгы.



-Адистик-060102. «Акушердик иши». Квалификациясы -акушерка. Окуу мөөнөнөтү- 2 жыл 10 ай.

Окутуунун түрү-келишимдик негизде. Окутуу кыргыз жана орус тилдеринде жүрүргүзүлөт.

Биздин дарегибиз:

Баткен области, Кызыл-Кыя шаары. Ленин көчөсү-2. Телефон: (03222)-5 62 42, факс: 5-01-42.

Бурма Ысакова.

ДӨҢ-БУЛАК - ӨНҮГҮҮ ЖОЛУНДАГЫ АЙЫЛ АЙМАК

Дөң-Булак айыл өкмөтү Өзгөн районунун куттуу конуштарынын бири. Айыл аймак өзүнүн географиялык жайгашуусу, эмгекчил эли жана бай тарыхы менен өзгөчөлөнөт. Айыл аймактын социалдык-экономикалык абалын жакшыртуу, инфратүзүмүн чыңдоо жана калктын жашоо-турмушу үчүн татыктуу шарттарды түзүү багытында бүгүнкү күндө бир топ алгылыктуу иштер аткарылып жатат.

Учурда Дөң-Булак айыл өкмөтүн тажрыйбалуу жана демилгелүү жетекчи Батаев Дүйшөбек Мамасаитович жетектейт. Ал эмгек жолун Өзгөндөгү мамлекеттик Сорт сыноо бекетинде жумушчу, жетекчи болуп иштөө менен баштаган. 2021-2023-жылдары Мырза-Аке айыл өкмөтүнүн башчысы кызматын аркалаган. Анын башчылыгы алдында айыл өкмөтү аймакты санариптештирүү, жаңы жумуш орундарын түзүү, билим берүү жана саламаттыкты сактоо мекемелеринин абалын жакшыртууну ийгиликтүү ишке ашырууда. Таза суу көйгөйлөрүн чечүү, ички жолдорду оңдоо жана айыл чарбасын колдоо багытындагы алгылыктуу кадамдар аймактын туруктуу өнүгүүсүн шарттоодо.





Жол инфратүзүмү — аймактын күрөө тамыры

Дөң-Булак айыл өкмөтүндө калктын жашоо шартын жакшыртуунун негизи болгон жол маселесине өзгөчө көңүл бурулууда. Тактап айтканда, 2025-жыл ичинде айыл өкмөтүнүн борбордук жана ички жолдоруна жалпысынан 18 чакырым 35 метр асфальт төшөлдү. Бул жумуштар каржылоо булактарына ылайык, республикалык бюджеттин эсебинен толугу менен ишке ашты. Өзгөрүш жана Жаңы-Абад айылдарынын 5 км. ички көчөлөрү, Төөлөс жана Чымбай айылдарынын 5 км. борбордук жолу, Бабаш уулу, Бөксө-Жол, Бакмал-1 айылдарынын ички жолдору, ошондой эле Бабаш уулу айылы менен Төөлөс айылын бириктирип турган 4 км. 488 м. ички жолдор асфальт болду.

Жолдорду оңдоо иштери муну менен эле чектелбестен, Дөң-Булак, Төөлөс, Бабаш уулу айылдарын бириктирип турган жол, Өзгөрүш айылынын ички жолдоору, Бабаш уулу жана Бөксө-Жол айылдарынын борбордук жолу, ошондой эле Жаңы-Абад менен Жоо-Алма айылдарынын ички жана борбордук жолу камтылды.

Ал эми жергиликтүү бюджет жана дем берүүчү гранттардын эсебинен айылдардын ички көчөлөрү ирээтке келтирилди. Бул ийги иштер жергиликтүү бийлик менен мамлекеттик колдоонун натыйжалуу өнөктөштүгү менен ишке ашты.

Дөң-Булак-1 айылынын ички көчөлөрүнө 1 км 20 метр асфальт төшөлдү. Дөң-Булак-2 айылынын ички көчөлөрүнө 740 метр асфальт басылды. Мындай ири көлөмдөгү асфальт басуу жумуштары Дөң-Булак айыл өкмөтүнүн тарыхындагы инфратүзүмдү жаңылоого багытталган эң ийгиликтүү жана жемиштүү кадамдардын бири болуп калды.

Буюрса, бул сапаттуу жолдор аймактын экономикалык байланыштарын чыңдап, тургундардын коопсуз жана ыңгайлуу катташына узак жылдар бою кызмат кылат.

Социалдык абалды жакшыртуу жана маданий турмушту жандандыруу

Айыл өкмөтүндө калктын аярлуу катмарын колдоо, билим берүү сапатын жогорулатуу, маданият жана спорт тармактарын өнүктүрүү багытында бир катар олуттуу иштер аткарылды. Айыл өкмөтү тарабынан жергиликтүү тургундардын социалдык абалын чыңдоо максатында муктаждарга ар тараптуу жардамдар берилди. Жалпысынан 200 жаранга финансылык көмөк көрсөтүлдү. Анын ичинде: аз камсыз болгон 27 үйбүлө, ден соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелген 166 жаран, кургак учук менен ооруган 4 жаран, тоголок жана жарым жетим балдар бар. Кышка карата турмуш шарты оор жана майыптыгы бар 46 жаранга 500 кг дан, жалпысынан 23 тонна көмүр таратылды.

Демилгелүү ишкерлердин жардамы

Жеке ишкер Медербек Акматов аз камсыз жана майыптыгы бар 20 жаранга 15,0 миң сомдон (жалпы 300,0 миң сом) колдоо көрсөттү. Чымбай айыл чарба кооперативи тарабынан 10 жаранга 1,0 миң сомдон (жалпы 10,0 миң сом) акчалай жардам берилди. Карыялар менен майыптарга өзгөчө көңүл бурулууда. Алсак, "Улгайган жарандарга көңүл буруу жана камкордук көрүү" бир айлыгынын алкагында 75 жаштан жогорку 140 карыяга 1,0 миң сомдон, жалпысынан 140,0 миң сом финансылык колдоо көрсөтүлдү.



Ал эми "Абийир" коомдук фонду жана “Кызыл Ай” коому аркылуу социалдык жактан муктаж болгон үй-бүлөлөргө азык-түлүк жана күнүмдүк керектелүүчү каражаттар камтылган кутучалар тапшырылды.

Маданият, спорт жана коомдук иш-чаралар

Айыл аймагында маданий-спорттук иш-чараларды уюштурууга өзгөчө көңүл бөлүнүп жатат. Спорттук жетишкендиктердин жаркын бир мисалы, Чымбай айылынын тургуну, мыкты спортчу Жантөрө Мирзалиев Грекрим күрөшү боюнча Болгарияда өткөн U-20 жаштар арасындагы дүйнө чемпионатында алтын медаль утуп, биринчи орунду жеңип алды.

Көрүүсү начар 3 жаранга Ысык-Көлдө өткөн спорттук мелдешке катышуусу үчүн резервдик фонддон акча каражаты бөлүнүп берилди. Энелер күнүндө айыл аймактагы 400 энеге сый көрсөтүлдү. Айыл аймакта 135 “Баатыр Эне”, 9 “Эне данкы” жана 256 коомдук иштердин жигердүү катышуучулары жана ардагер энелер бар.

Балдарды коргоо күнүнө карата, балдардын маанайын жаркытуу максатында айыл өкмөтүнө караштуу 7 бала бакча үчүн тиешелүү оюнчуктар сатып алынды. Бүгүнкү күндө айыл аймакта “Түркбаева Анипа апа”, “Сайкал”, “Жананхан апа”, “Эркайым апа”, “Жыргалай”, “Өзгөрүш” жана “Баластан” бала бакчалары бар.

Тарыхый даталарга карата Улуу Жеңиштин 80 жылдыгы, Элдик революциялардын катышуучуларын эскерүү, Афган согушунун ардагерлерине сый көрсөтүү, Нооруз, Ак калпак күнү, Ж.Мамытовдун 85 жылдыгы сыяктуу маданий иш-чаралар уюштурулду. Медицина, социалдык тармак, маданият, муниципалдык кызматкерлерге жана ички иштер органдарынын тескөөчүлөрүнө кесиптик майрамга карата акчалай колдоолор болду.



Келечек үчүн камкордук: бала бакчалар заман талабына келтирилүүдө

Дөң-Булак айыл өкмөтүндө жаш муундардын татыктуу тарбияланууусуна жана мектепке чейинки билим алуусуна өзгөчө артыкчылык берилүүдө. Аймактагы бала бакчалардын абалын жакшыртуу, жаңыларын куруу жана кароосуз калган имараттарды кайрадан ишке киргизүү багытында акыркы жылдары масштабдуу реформалар ишке ашты.

Кара-Дарыя айылындагы бала бакча: бул бала бакчаны капиталдык ремонттон өткөрүү колго алынды. Бакча долбоордун алкагында ар тараптуу каржылоонун натыйжасында толугу менен бүткөрүлдү. Балдар бакчасын капиталдык оңдоо иштери Ош өнүктүрүү фонду, Өзгөн райондук өнүктүрүү фонду, Өздүк салым (жергиликтүү бюджет) жана Демөөрчүлөр тарабынан каржыланды.

Төөлөс айылындагы жаңы бала бакча: Республикалык бюджеттин эсебинен Төөлөс айылында замандын талабына ылайык жаңы бала бакча курулуп, пайдаланууга берилди.

Чымбай айылындагы жаңы бала бакча: Мектепке чейинки билим берүү мекемелерин көбөйтүү максатында Чымбай айылында ири долбоор ишке ашты. Республикалык бюджет тарабынан каржыланып, жаңы, заманбап бала бакча курулуп, пайдаланууга берилди.

Мичурин айылындагы бала бакчанын имаратын кайра калыбына келтирүү иштери аткарылды. Аны капиталдык ремонттон өткөрүү жана ички эмеректерин сатып алуу иштери Айыл өкмөтү, “АРИС CASA-1000” программасы жана Өзгөн өнүктүрүү фонду тарабынан каржыланды. Бул биргелешкен аракеттин натыйжасында имарат толук жаңыланды.

Мындай алгылыктуу иштердин натыйжасында Дөң-Булак айыл өкмөтүндө бала бакчага кезекке турган наристелердин маселеси чечилип, ата-энелер үчүн эң сонун шарттар жаралууда. Келечек ээлерине жасалган мындай камкордук — аймактын эртеңки өнүгүүсүнө салынган эң чоң инвестиция болуп эсептелет.

А.МАТИЕВА.

Кызматташтык

Ишкердүүлүк үчүн колдоо көрсөткөн долбоорлор



Кыргызстандын жашыл келбетин сактоо, экологиялык жактан туруктуу өнүгүүсүн бекемдөө маселесине өзгөчө көңүл бурулуп жатат. Бириккен Улуттар Уюмунун Өнүктүрүү Программасы бул багытта Кыргызстанда бирдиктүү жашыл каржылоо экосистемасын түзүү боюнча улуттук өнөктөштөр менен тыгыз кызматташып келет. Долбоордун өкүлдөрү аймактарды туруктуу өнүктүрүүгө, ишкердүүлүктү колдоого жана жаратылышка негизделген чечимдерди ишке ашырууга багытталган долбоор аянтчалары менен таанышышты.

Ноокат районунун Көк-Бел айылында Россия Федерациясынын Өкмөтүнүн колдоосу менен «Көк-Бел — коопсуз жашыл өрөөн» долбоору ишке ашууда. Анын алкагында жер көчкү коркунучу бар 27 гектар аянтта токой-мелиоративдик иштер жүргүзүлгөн. Узундугу 2 000 метрден ашкан коргоочу тосмо орнотулуп, 12 000ден ашык бак-даракчар жана бадалдар отургузулган. Ишке ашырылып жаткан бул чаралар 150 кожолук үчүн жана социалдык инфраструктура объекттерине, анын ичинде мектеп менен айыл өкмөтүнүн имараты үчүн болгон коркунучту азайтууга мүмкүндүк түзүп берди.

Араван районунда эмгек миграциясынан кайтып келген Данияр Атаев «Дыйкан» кичи цехин негиздеген. Ал салттуу сүмөлөк даярдоо, ошондой эле жашылча-жемиштерди кайра иштетүү менен алектенет. Ишкер Россия Федерациясынын Өкмөтү жана Бириккен Улуттар Уюмунун Өнүктүрүү Программасынын колдоосу менен окуудан өтүп, жабдууларды жана бизнести өнүктүрүү үчүн 12 000 АКШ доллары өлчөмүндө каржылоо алган. Бул долбоор өндүрүштү кеңейтүүгө жана 5 жаңы жумуш ордун түзүүгө мүмкүнчүлүк түздү.

Ош шаарында жаш ишкер Абдималик кызы Дилзат бизнес-долбоордун чектеринде «Sweet_fit» ишканасын негиздеген. Ишканада сергек жашоо образын карманган адамдар үчүн курамында кант жана глютен жок пайдалуу десерттерди, ошондой эле туура тамактануу рационундагы тамак-аш өндүрүлөт. Заманбап жабдууларды (витриналык муздаткычтар, кофе кайнаткычтар жана башка ашкана жабдыктарын) сатып алууга 540 миң сом каражат жумшалган. Ишкер айым Бириккен Улуттар Уюмунун Өнүктүрүү Программасы жана Россия Федерациясынын Өкмөтүнүн колдоосу менен заманбап жабдууларды алып, бизнес ишмердүүлүгүн кеңейте алды.

А.САПАРБАЕВА.



Ой чабыт

Төрт көчөдө төртөөбүз...

(башталышы мурунку сандарда)

Азыр ал күндөрдүн бири жок. Адам өткөн күндөрдүн баарын өмүр деген туюм менен пендени кумарланта өзүнө байлап коймою тагдыр насилден, атам замандан бери байкап баамдаганга төнкөргөнү сезилбегени менен таасын байкалып турбайбы. Азизбек ушул шайыттан караганда пейил-кууолу өзгөчө инсан эле. Анын жашоодон эрте өтүп кеткени теңтуштардын жан дүйнөсүндө зардапка айланган санаркоо, кусалык жан дүйнөңдөгү сыздооктой жарылбаган сыздатууга айланат да калат окшойт.

Биз төрт көчөдө издешпей жолуга калганда Казанын жоруктарына ар качандан, бир качан кайрылмайынча ортолук аңгемелеribиз тушалгансып калчу. Ал чындык десе чыркыраган жан болчу. Чылымды чарчатпай байма-бай тартчу. Балалыкта бир айылда курбалдаш чоңойдук. Ошонун касиетиби кандай күн болсо да бири-бирибизди издемейибиз, жашыбыз тээ аска зоонун чокуларын эңсеген сыяктуу, өр тарта чарчоонун элдир-селдир кадамын улам жүткүнө таштаган кашаң аттын көрүнүшүн элестеткен өмүрдүн сүрүндө деле калбай келет. Дээриңде башка нерсени ойлонсоң да дээриңдин тереңинде теңтушчулуктун касиети менен дайыма түпкүрдө элестүү сезимдер жашап келгенин тануу кыйын тура. Ошондон биздин бир-бирибизди издемейибиз адаттуу көрүнүш.

Азизбек чындыкты жанынан да артык көрчү. Анын таанып билүүсүндө "Күч атасын тааныбайт" деген аксиома сезиминде дайыма жашаганын анын жүргөн турганынан сезип калчуубуз. Достор Кара-Кулжада тез-тез кездешип турчуубуз. Анан кызуу кайым айтышуу да болчу. Бирок кызыл чеке боло бири-бирибизге акарат келтирген күндөр түк болгон жок. Анкени жаштык кезден жан дүйнөбүздө калыптанган айоор, байымдуу сезимдер бизди андай жолго барууга болгон түпкүрдөгү түйшүгүбүздү кыл менен буугандай токтотчу окшойт.

Калганы эмне деп ойлойт, менин бүшүркөөмдө ушундай деп келем. Жашоонун сырын чечмелөө, санаркоонун убайым түйшүгү белем. Ушундан уламбы биз Кара-Кулжага басымдуубуз жайгашып калдык. Азыр деле Кара-Кулжада айрымдарыбыз жашап турмуш кечирүүдө.

Жакшылык жамандыкта калбай катышып турабыз. Мурдагыдан пейлибиз токтоо тарткан. Кебете кешпирлер да өзгөргөн. Көпчүлүк учурда Каза чындыктан такыр тайчуу эмес. Ал желкесине кылыч мизин такап турган пайитта да өзүнүн бет-тегенин бербеген мүнөзү бар эле.

Бир жолу жаз аяктаган жайдын алгачкы күндөрүндө Кара Кулжанын автобекетинде Оморбек, Жумабай, Каза төртөөбүз капыл-тапыл жолугуп калдык. Асмандан издегенибиз жерден табылгандай көрүшкөнүбүзгө сүйүнүп, кубанычыбыз жүзүбүзгө ажар байлагандай демелүү боло түштүк. Авто бекет ал учурда Кара-Кулжанын жандуу кыймылга толгон учуру болчу. Заман өзгөрүлгөнү элдин көбү тапканын тапан таш төшөлгөн базардын текчесине жазып алып, самандай өңүн саргарта соодага өткөн кез эле. Биз бири-бирибизди кажып калдык. Аңгыча кажылдашкан кажымайыбызды Оморбек тык токтотту да мындайраак баскыла деп шарап сатчуу күркөгө жол баштап калды. Мындайда Оморбектин өзүн көрсөтүүгө ышкыбоздугу башкалардан өзгөчө боло турган. Биз анын артынан ээрчип калдык. Баскан турганы өтө көркөмдүү. Бел курчоосундагы куруна шагырата бир топ ачкычты илип алган. Күн шашке тарткан, жайдын аптаптуу күнү. Артынан карасаң келбети өзгөчө. Башындагы өзү айтмакчы "Путиновский прическасын" оң колунун салаалары менен уламдан-улам тарагы жок сылап коёт. Анан согончогунан чимириле бизге так бурула "Эй, Дураки!" Кадамыңарды кеңири таштай бергиле. Бүгүн жолуңар бар экен. Түндө түшүңөргө мен кирип чыккан жокмунбу деп шымынын калтасынан түзүк эле акчаны колу менен сууруп чыгып Казаны жандай басып мурдуна такап калат. Анан, Көрдүңбү?, мобуну акча дейт. Ичсеңер, каалашыңарча алып беремин дейт. Каза ички кубанычын сыртына чыгара адатынча көктү карай Оморбектин жоругуна берилүү менен маашырлана катқырып алат. Казанын ушул келбети өзүнө куп жарашчу. Анда Оморбек автобекеттеги базарда акча чогултмай эле. Ал да учур пайитин кармап өзүн көрсөтүүгө усталык жагына маш болчу. Ошол турушунда анын жүзүнөн да бизге деген урматтоосунун чексиз экендиги сезилип турду.

Канткен менен ошол күнкү окуя, андан бери канча жылдар өтсө да күнү бүгүнкүдөй эсте турганы менен өзгөчөлүгү бар сыяктанат. Оморбектин ошол учурда ити чөп жеп, айтканы өз деңгээлинде аткарылганына маашырлана өктөм сүйлөгөн күндөрү эле. Анан калса базар керек жарак коому тарабынан жаңыдан курулуп ал жерден оорун табуу кыйындап Оморбекти издегендердин саны да көбөйгөн кези. Ал ансайын мындай шартта өзүн бараандуу кармап, маселе чечкен боло артынан соода сатыктагы келин кыздарды ээрчиткенге маш боло, тагдыр насилине ыраазылыгы артып турган кез.

Пенде, дегеле жандуубу жансызбы жаратылышта өз ыңгайына карай жашоо кечиргенге жол издеп келет тура. Бул да коомдук өзгөрүштүн шартына жараша ыңгайлашуунун өзгөчөлүгү го. Ошол күндү биз төртөөбүз авто бекетте өткөрдүк. Каза убактынча бош эле. Ал эми Жумабай авто базада диспетчер кызматын аркалачуу. Ал бул жерге Сталбек досубуздун жардамы менен ишке орношкон. Ал мезгилде Сталбек автобазада начальник болчу. Колубуздан канчалык деңгээлде жакшылык келсе биз деле өзүбүзгө ыйгарууга маш болчубуз. Бул деле адам табиятынан келе жаткан байымдуу көрүнүш болсо керек. Ошондон өзүм дегенде өлөөрчө күчүм бар деген накыл калган окшойт. Бул тагдырда адам канчалык жашаса да кайпыстыктар үзүл кесил болсо да коштоп сүрөмөлөп жүргөнү жүргөн бейм.

Оморбек жумушуна алаксый бизден оолактаган соң үчөөбүз жашашыбызды кашылагыбыз келдиби жандай баратып бири-бирибизге тийишип калдык. Анан Каза акча чогултуп бирди бөлбөйлүбү деп калды. Ал чөнтөгүндөгү акчасын чыгарып алаканына кармап турат. Мен да болгон тыйынымды Казага карматтым. Жумабай негедир кетенчиктей Казаны болсо кошуп тур деди. Ал качан бересин деген суроосун Жумабайга өзгөчө сүрү менен кесе багыттады. Жумабай аласын да. Мен эч жакка качып кеткен жокмун го деген жообун узатты. Биз Оморбексиз эле өзүбүзчө үчөөбүз дагы бирди бүтүрүп жибердик. Кыйла жылымта тартып кызый түшкөнүбүз сезилгенсип калды. Каза бейиши болгур адатынча кыжыктыгын баштагысы келдиби Жумабайды кажандата катуу сүрдө артынан ээрчип алды.

Автобекетте элдин кыймылы арбын. Анан калса райондун чар тарабынан келгендердин сапарлары да ушул жерден карып, ушул жерден уланып турат. Ал учурда биздин тааныштарыбыз да арбын болчу. Айрымдары тийишип чымчып сүйлөп өтсө, айрымдары соодасы өтпөгөн сартка окшоп эмне турасыңар дегендей кептерди да узатып калышат. Ушул учурда Казанын куюшканы кайышып Жумабайга катуураак дас көрсөтүүгө өттү. Аңгыча капыл тепилден Кыдырша кездешип калды. Жакшы учурашкан соң, айланаңарды карагылачы, мындай болушуңар уят нерсего. Талашыңар эмне деди. Жанагыдан соң кыйла кызый түшкөн Каза, Бекинин баласы бизди алдап жатат деп чоо жайды толук түшүндүрбөй мукактанып сөзүн токтотту. Кыдырша суроолуу көз карашта мага жүз бакты. Ал болоор болбостогу талашыңарды мен эле чечип берем деп шыр эле шарап саткан дүкөндү көздөй алып жөнөдү. Казанын талаш тартышы тык токтоду.

(уландысы бар)

М. Жуманазаров.

Китепке пикир

ЖҮЗ ЖАШКА ЧЫКСАМ АРМАН ЖОК

Бул китеп — Зеби Камалованын жетимиштин ашуусун ашып, сексендин кырына кылчая карап, көөдөнүнөн оргуп чыккан ички сыры, жашоого болгон чексиз ыраазычылыгы. 74 жашында колуна калем алып, ыр дүйнөсүнө аралашканы — бул Кудайдын берген өзгөчө белеги жана тагдырдын таттуу сыйы. Эскерүүлөр аркылуу өзүнүн гана эмес, ата-энесинин, өмүрлүк жолдошунун, бактысы болгон балдарынын жана небере-чеберелеринин атын өчүрбөй, ыр менен эстелик коюп отурат. Анын эмгекке сугарылган балалыгы, тамеки талаасындагы түйшүгү, медицина тармагындагы жоопкерчиликтүү жылдары — баары ыр саптарында камтылган.

"Жүз жашка чыксам арман жок" де-



ген тилеги — бул жөн гана узун өмүр тилөө эмес, бул өмүрдүн ар бир жылын маанилүү, пайдалуу жана чыгармачылык менен өткөрүүгө болгон умтулуу. Анын ырлары ар бир окурмандын жүрөгүндөгү жакшылыкка болгон ишенимди ойготот.

Зеби Камалованын чыгармачылык жолу чындыгында суктанууга татыктуу. "Таланттын жашы жок" деген сөздүн эң сонун далили — бул 74 жашта ыр дүйнөсүнө кадам таштаганы. Буга чейин анын "Ырларым — менин сырларым" деген ыр жыйнактары жарык көргөн. “Жүз жашка чыксам арман жок" деген китебинин аталышы эле чоң маанини камтып турат. Бул аталыш автордун жашоого болгон кумарлануусун, алдыга койгон бийик максаттарын айтып турат. Анын тагдыры — эмгектин, үй-бүлөлүк баалуулуктардын жана кеч ачылган таланттын чыныгы үлгүсү.

Бала чак жана билим жолу

Зеби Камалова 1948-жылы 5-июнда Ош облусунун Ноокат районундагы Кулатов (мурдагы Кожо-Арык) айылында туулган. Атасы Боромбаев Камал жана апасы Иманалиева Нисанын колунда тарбияланып, кичинекей кезинен китепке жакын өскөн. Анын адабиятка болгон кызыгуусунун ойгонушуна агасы Ражаб Камаловдун таасири чоң болгон. Анын үйүндөгү китепканадан "Каныбек", "Көл боюнда", “Сынган кылыч”, “Саманчынын жолу” сыяктуу классикалык чыгармаларды суктануу менен окуп, кыргыз, орус жана англис тилдерин үйрөнүүгө өзгөчө көңүл бурган. Агасы Ражаб Ош мамлекеттик педагогикалык институтун англис тили мугалими адистиги боюнча бүтүргөн. Ал ошол учурдун жогорку маалыматтуу агартуучуларынын катарында болгон. Агасы өзүнөн кийинки бир тууганларын да билим алууга үндөгөн. Зеби Камалованын жаштыгы Апшыр-Атанын кооз табиятында жана Ноокаттын таменки талааларында эмгек менен өткөн. Жоомарт Бөкөнбаев жана Ленин атындагы мектептерде билим алып, мектепти ийгиликтүү аяктаган соң, Кызыл-Кыядагы медициналык окуу жайында окуп, медайым кесибине ээ болгон.

Эмгек жолу жана үй-бүлө

Анын эмгек жолу Майлы-Сай шаарында башталып, кийинчерээк жолдошу Медеев Назарбек менен баш кошуп, өмүрүнүн чоң бөлүгүн эл кызматында өткөргөн. Токтогул районунда, Өзгөндүн Кызыл-Байрак жана Алтын-Булак айылдарында медайым болуп иштеп, элдин ден соолугуна кам көргөн.

Азыркы учурда Зеби Камалова Өзгөн районунун Алтын-Булак айылында жашайт. Алты баланын мээримдүү энеси, 25 небере жана 3 чеберенин сыймыктуу чоң энеси, таенеси. Өмүрлүк жолдошу экөө балдарын татыктуу тарбиялап, бүгүнкү күндө алардын төрүндө ардактуу эс алууда кадырлуу карылыкты сүрүп жатышат.

Чыгармачылыкка кадам

Зеби Камалованын жан дүйнөсүндөгү ыр булагы 74 жашында ачылган. Бул куракта ыр жаза баштаганы анын рухунун жаш экенин жана турмуштук тажрыйбасынын тереңдигин айгинелейт. Алгач "Ырларым — менин сырларым" аттуу китеби жарык көрүп, окурмандардын сүйүүсүнө ээ болгон. Андан сырткары, ырлары бир нече альманахтарга жана жыйнактарга жарыяланган. Бүгүнкү күндө ал "Жети дубан", "Алака Ош", "Тандалган таланттар" сыяктуу чыгармачыл бирикмелердин мүчөсү. Эне тилибизди ырлары менен даңазалаганы үчүн "Ыйык тил" төш белгиси жана бир нече Ардак грамоталар менен сыйланган.

А.МАТИЕВА.

ЖАШТЫГЫМ КАЙДА КЕТТИ КӨРДҮҢӨРБҮ?

Алманын ак гүлдөрүн көрдүңөрбү,
Гүлдөргө көңүлүңдү бөлдүңөрбү.
Курбулар, классташтар, айылдаштар,
Жаштыгым кайда кетти, көрдүңөрбү?

Жаңгактын гүлдөгөнүн көрдүңөрбү,
Гүлдөргө көңүлүңдү бөлдүңөрбү.
Азыр мен сексен жашка келип турам,
Жаштыгым кайда кетти, көрдүңөрбү?

Арчанын бүрдөгөнүн көрдүңөрбү,
Арчага көңүлүңдү бөлдүңөрбү.
Жаштыгым кайда кетти билдиңерби,
Жаштыгым кайда кетти көрдүңөрбү?

МАЙ АЙЫ

Куттуу болсун май айы,
Жашыл кийген бачайы.
Табигат сындуу жашарат,
Ак аралаш саамайым.

Агарса да саамайым,
Мен жаштыкты самаймын.
Эл-жер үчүн ар дайым.
Мен тынчтыкты каалаймын.

АЛТЫН-БУЛАК

Алтын-Булак айылында,
Алмасы бар, багы бар.
Ичип көрсөң сууларын,
Дарылыгы дагы бар.

Тойлор болсун айылда,
Сайрасын булбул багында.
Кары- жаш окуп намазын,
Эртелеп турат таңында.

Алтын-Булак айылын,
Жайында келип көрүп кет.
Дары суу, ыйык жерлерин,
Көңүл бөлүп, көрүп өт.

Алтын-Булак айылын,
Күзүндө келип көрүп кет.
Мөмөлөрү бышканда,
Кара өрүгүн терип кет.

Жарыялар

СЫНАК ЖАРЫЯЛАНАТ

Ош облустук дене тарбия жана спорт башкармалыгы, Ош облусунун Араван районунун балдар-өспүрүмдөр спорт мектебинин директору бош кызмат орунуна сынак жарыялайт. Сынакка катышуучулар төмөндөгүдөй талаптарга жооп бериши керек:

1.Кыргыз Республикасынын жарандыгы;

2.Жогорку билимдүү, (дене тарбия же педагогика адистигине артыкчылык берилет);

3.Эмгек стажы дене тарбия жана спорт тармагында же билим берүү системасында 5 жылдан кем эмес болуусу;

4.Жетекчилик кызматта кеминде 2 жыл стажы болуусу;

5.Дене тарбия жана спорт тармагына, педагогикалык системага тиешелүү Мыйзамдарды, Жоболорду, Кыргыз Республикасынын Конституциясын, Кыргыз Республикасынын Эмгек Кодексин жана башка тийиштүү Ченемдик укуктук актыларды талапка ылайык билүүсү. Сынакка катышуу үчүн төмөндөгүдөй документтер талап кылынат:

1.Ош облустук дене тарбия жана спорт башкармалыгынын сынак комиссиясынын төрагасынын атына жазылган өздүк арыз;

2.Адистик учёт боюнча өздүк баракча 4.5х6.5 өлчөмүндөгү сүрөтү менен;

3.Билими жөнүндө дипломдун көчүрмөсү (нотариус тарабынан же иштеген жеринин башкармалыгы тарабынан тастыкталган);

4.Эмгек китепчесинин көчүрмөсү;

5.Өмүр баян (кол менен жазылган);

6.Резюме;

7.Паспорттун же өздүгүн тастыктоочу документтин көчүрмөсү (паспортунун же башка өздүгүн тастыктоочу документти сынакка келгенде көргөзүлөт);

8.Илим даражасы жана илим наамы берилгендигин, квалификациясын жогорулаткандыгын тастыктоочу документтердин көчүрмөлөрү;

9.Соттолбогону жөнүндө маалымкат;

10.Дело (документтер үчүн).

Аталган документтерди Ош облустук дене тарбия жана спорт башкармалыгына жарыя газетага чыккан күндөн баштап 10 (он) жумушчу күн ичинде Ош шаары, Карл Маркс көчөсү №1 дарегине тапшыруу зарыл.

Байланыш үчүн телефон: 0(3222) 4–80–35.

Квалификациялык талаптарга жооп берген талапкерлер сынакка катышууга чакырылат. Сынакты өткөрүү орду жана күнү кошумча кабарланат.Тапшырылган документтери коюлган талаптарга жооп бербеген атуулдар, сынакка чакырылбайт.

ЖАРАКСЫЗ ДЕП ТАБЫЛСЫН

Жайлообаев Исхак Уланбековичке таандык Ош шаарындагы №71 -Жетиген жалпы билим берүү мектебин бүтүргөндүгү тууралуу 2026 -жылдын 26- июнунда берилген БА №263833076, УМО 13 сандуу аттестаты жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

ХХХ

Жайлообаев Исхак Уланбековичке таандык Ош райондук аскер комиссары тарабынан 04.02 2026 -жылы берилген аскерге жарактуулуу тууралуу аскердик каттоого коюу жөнүндөгү 433450 сандуу күбөлүгү жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

ХХХ

Айтиев Абдумажит Токуровичке таандык Араван районунун Коммунизм колхозу тарабынан 1979-жылы 10-февралда берилген №1444-14 сандуу эмгек китепчеси жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

Ош жаңырыгы
Ош облустук коомдук-саясый гезити

УЮШТУРУУЧУ:
Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлиги

Башкы редактор:
КАРАКОЗУЕВ Асанбек Курманбекович

Жооптуу катчы:
Канымжан Кыдыралиева

Нөөмөтчү
А. Матиева

Гезит Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинде катталган.
Катталуу күбөлүгү
213623-3310-У-е
Жазылуу индекси:
68420

Реквизиттер:
ИНН: 02401202310360
ОКПО: 31708371
ОАО "Айыл Банк"
Бик: 135033
Р/эсеп: 1350470020053657

Дареги:
723500, Ош шаары,
Курманжан датка көчөсү, 209-үй.

Жарыяланган макалалар редакциянын толук көз карашын билдирбейт.
Жарыя-жарнамалардын текстине редакция жооп бербейт.
Кол жазмалар кайтарылбайт.

Байланыш:
Кабылдама: **7–13–34**
Жооптуу катчы: **7–10–02**
Жарнак бөлүмү: **7–11–31**
E-mail: **oshjangaz@gmail.com**

Гезит редакциянын компьютердик комплексинде терилип, жасалгаланды.
"Принт Мастер" ЖЧКсынын басмаканасында басылды. Бишкек шаары, Анкара көчөсү 1г
Көлөмү А3 - 2 басма табак
Тел: 0 (312) 53-00-00

Буюртма №:805
Нускасы: 1700

ДҮЙНӨЛҮК МУНДИАЛЬ:
ИСПАНИЯ ЭКИНЧИ ИРЕТ ЧЕМПИОН БОЛДУ

Футбол боюнча 2026-жылкы Дүйнө чемпионаты жыйынтыкталып, тарыхтагы эң масштабдуу, эң кымбат жана эң кирешелүү дүйнө биринчилиги катары эсте калды. Турнирдин финалында Испания курама командасы жеңип, тарыхында экинчи ирет чемпиондук кубокту көтөрүштү. Ал эми Аргентина экинчи жолу катары менен чемпион болуу укугунан ажыраганы менен эки ирет вице-чемпион аталып, үйүнө кайтты.



Испаниялык чабуулчу Ферран Торрестин 106-минутадагы Аргентинанын курама командасынын дарбазасына тепкен тобу голго айланып, футбол боюнча дүйнө чемпионатына чекит койду. Ошол гол Испанияны 2026-жылдагы мундиалдын чемпиону кылып, Мессини дагы бир жолу дүйнө биринчилигин утуу укугунан ажыратты.

48 мамлекеттин улуттук курамалары катышкан бул турнирде мөөрөйдү жулуп кеткен Испания курамасы бардык оюндарда фаворит болду. Алар плей-офф баскычындагы Бельгия менен өткөн беттеште өз дарбазасына бир гана гол өткөрүп алган менен (Испания 2-1 Бельгия) калган жети оюнда тең жеңишке жетип, бул турнирдин жаңы жылдызына айланган Кабо-Верде командасы менен тең ойноду.

Мундиалдын негизги фавориттери болуп Испаниядан сыртқары, Аргентина, Англия жана Франция болчу. Чынында эле булар турнирдин жыйынтыгы менен эң алдыңкы төрт орунду бөлүп алышты. Эң кызыгы – ФИФАнын рейтинги боюнча да бул курамалар алдыңкы төрттүктө жайгашкан эле. Акыркы жаңылоосунан кийин Аргентина биринчи орунун чемпион болгон Испанияга бошотуп берди.

Мелдештин «Эң мыкты оюнчусу» наамы Испаниянын капитаны Родриге буюрган болсо, «Мыкты жаш оюнчу» наамына испан коргоочусу Пау Кубарси татыктуу деп табылды. Ал эми «Эң мыкты чабуулчу» наамын 10 голу менен айырмаланган француз чабуулчусу Килиан Мбаппе ээледи. Ал дүйнө чемпионатынын тарыхында эң көп – 22 голду киргизип, рекорд койду. Экинчи тизмеде 21 голу менен Месси жайгашты.

Ал эми 3-орун үчүн беттеште Франция менен Аңглия кез келип, ачык футбол өткөрүштү. Жыйынтыгында 4-6 эсебинде Аңглиянын футболчулары коло медалды тагынышты.

Күчтүүлөр кандай кулады?

Бул дүйнө чемпионаты күтүлбөгөн сенсациялар жана драмалуу беттештер менен да күйөрмандардын эсинде калды. Турнирдин фавориттери катары саналган бир катар күчтүү курамалар плей-офф баскычына жеткенине карабастан, чечүүчү оюндарда атаандаштарына мүмкүнчүлүк берип, мелдеш менен кош айтышты. Алардын арасында дүйнөнүн төрт жолку чемпиону Германия, беш жолку чемпиону Бразилия, ошондой эле Португалия, Египет, Бельгия жана Норвегия өндүү күчтүү курамалар болду.

Өзгөчө Германия менен Бразилиянын эрте жеңилиши дүйнөлүк футболдо чоң талкуу жаратты. Германия пенальтилер сериясында Парагвайга жол берсе, Бразилия плей-оффто Норвегияга утулуп калды. Ал эми Португалия Испания менен болгон принципиалдуу беттеште жеңилип, дүйнө кубогуна бараткан Криштиану Роналдунун жолу тосулду. Египет дагы таймашка татыктуу каршылык көрсөткөнү менен, чечүүчү учурларда ийгилик жылмайган жок.

Ошентип футболдо жеңүүчүнү алдын ала аныктоо мүмкүн эмес экени дагы бир жолу далилденди. Ар бир команда акыркы мүнөткө чейин күрөшүп, ар бир оюн өзүнчө тарых жаратты. Дал ушундай күтүлбөгөн жыйынтыктар Дүйнө чемпионатын дүйнөдөгү эң кызыктуу жана эң көп көрүлгөн спорттук мелдештердин бири кылып келет.

Футболдун башкы турнири кандай өттү?

Турнир АКШ, Канада жана Мексиканын 16 шаарында өтүп, ага рекорддук 48 улуттук курама команда катышты. Бул Мундиаль абдан кенен географияны камтыды. Европадан 16 команда жолдомо алып барса, Азиядан 9, Африкадан 10, Түндүк, Борбордук жана Кариб деңизинен 6, Түштүк Америкадан 6 жана Океаниядан 1 команда катышты.

48 команда 12 тайпага төрттөн бөлүндү. Чемпионат жыйынтыкталгыча жалпы 104 оюн ойнолгон болсо, анын 72си тайпалык этапка туура келди. 1/16 баскычында – 16, 1/8 баскычында – 8, чейрек финалда – 4, жарым финалда – 2, үчүнчү орун үчүн – 1, чемпиондук үчүн – 1 оюн өттү.

Аталган чемпионат бир катар мамлекеттер үчүн тарыхый мелдеш болду. Анткени мундиалга төрт улуттук курама алгачкы жолу жолдомо алды, алар — Өзбекстан, Йордания, Кабо-Верде жана Кюрасао мамлекеттери болду.

Беттештерди стадиондордо жалпысынан 6,81 миллион күйөрман күбө болсо, дүйнө жүзү боюнча миллиарддаган адам телеканалдар жана санарип платформалар аркылуу көрдү. Бул чемпионатка калкы 115 миңге жакын Кюрасао, 600 миңге жетпеген Кабо-Верде сыяктуу чакан мамлекеттерден тартып, 330 миллиондон ашык калкы бар АКШ сыяктуу ири өлкөлөргө чейин катышып, дүйнөлүк футболдун кеңири географиясын көрсөттү.

Финансылык жактан да турнир жаңы рекорд жаратты. FIFA дүйнө биринчилигин уюштурууга 10,9 миллиард доллар жумшаса, телетрансляция укуктары, билет сатуу жана демөөрчүлүк келишимдеринен түшкөн жалпы киреше 15 миллиард долларды түздү. Финалдык беттештин тыныгуу маалында дүйнөлүк шоу-бизнес өкүлдөрүнүн катышуусунда концерттик программа уюштурулду. Анда Шакира, баштаган Мадонна, BTS, Жастин Бибер жана Coldplay тобу сыяктуу ырчылар өз өнөрлөрүн тартуулашты. Мындай формат Дүйнө чемпионаттарынын тарыхында биринчи жолу колдонулду.

Кайсы команда канча млн доллар алды?

Бул жолку чемпионатта FIFA – улуттук курама командаларга рекорддук сумма бекитти. Ага ылайык, жалпы сумма 727 миллион АКШ долларын түзүп, бул 2022-жылкы Катардагы мундиалга салыштырмалуу 50 пайызга көбөйтүлгөн.

Тактап айтканда, мундиалга жолдомо алган 48 команда арасында 655 миллион доллар – байге катары бөлүштүрүлдү. Дүйнө чемпиону болгон курама 50 млн $ алса, финалда утулган командага 33 млн $ берилди. Үчүнчү орун үчүн 29 миллион, төртүнчү орун үчүн 27 млн $ ыйгарылды.

Мындан тышкары, дүйнө чемпионатына жолдомо алган ар бир курама команда даярдык чыгымдары үчүн 1,5 миллион доллардан берилген. Ал эми алгачкы баскычта эле жеңилүү ызасын тарткан курамалар 9 млн доллардан алышты. Натыйжада турнирге катышкан ар бир улуттук курама кеминде 10,5 миллион доллар табышты.

Легендаларынын акыркы оюндары

Бул дүйнө биринчилиги бир катар белгилүү футболчулар үчүн акыркы мундиал болуп калганы айтылды. Алардын катарында аргентиналык чабуулчу Лионель Месси, португиялык чабуулчу Криштиану Роналду, бразилиялык чабуулчу Неймар, германиялык дарбазачы Мануэль Нойер, египеттик чабуулчу Мохаммед Салах, жана хорватиялык чабуулчу Лука Модрич бар.

Бул футболчулардын ар бири өз доорунун символуна, жаштардын кумирине айланып, дүйнөлүк футболдун өнүгүшүнө ченебеген салым кошту. Нойер дарбазачынын оюн стилин жаңы деңгээлге көтөрүп, «эркин дарбазачынын» мыкты үлгүсүн көрсөтсө, Неймар өзүнүн өзгөчө техникасы, дриблинги жана чыгармачыл оюну менен миллиондогон күйөрмандардын сүймөнчүлүгүнө айланды. Ал эми Салах африкалык футболдун аброюн көтөрүп, Египет курама командасынын башкы жылдызы катары тарыхта калды.

Ал эми Лионель Месси менен Криштиану Роналду акыркы жыйырма жылда бүтүндөй бир доорду камтышты. Алар футболдогу атаандаштыкты, талбаган эмгекти, таланттуу жана мыкты оюндар менен айтып бүткүс эмоцияларды тартуулаган оюнчулар катары эсте калууда. Алар көптөгөн сыйлыктарды жеңип, жаш футболчуларга кумир болушту. Ошондуктан бул мундиаль алардын эл аралык карьерасындагы соңку дүйнө чемпионаты катары тарыхта калганы турат. Алар менен кошо футболдогу бүтүндөй бир доор жыйынтыкталууда. Бирок, футбол – алдыдагы жаңы муундун дүйнөлүк жылдыздарына жол ачып жатат.

Ошентип 2026-жылкы Дүйнө чемпионаты жаңы рекорддор, күтүүсүз жыйынтыктар жана унутулгус көз ирмемдер менен эсте калды. Эми футбол сүйүүчүлөрүнүн көңүлү 2030-жылы өтө турган юбилейлик дүйнө чемпионатына бурулууда.

Авторлор: Асанбек Каракозуев, Бек Турган.

АЛДЫҢКЫ СПОРТЧУЛАР СЫЙЛАНДЫ

Ош облустук дене тарбия жана спорт башкармалыгына караштуу Ноокат райондук спорт инструктору Шамаев Максатбек Шараповичтин айтымында Ноокат районунда 2012-жылы футбол клубу түзүлгөн. Азыркы учурда Ноокат лигасында 22 футболчу бар. Мында 18 жашка чейинкилер жана андан чоңдор да катышат. Жумасына эки жолудан футбол ойношот.

Улуттук лигада Ноокат футбол командасы бар. Алар Баткен областына жана Жалал-Абад областынын Ноокен райондоруна чейин барышып, командалар ортосунда футбол ойношуп, өздөрүнүн спортко болгон кызыгууларын арттырып келгендигин айтып кетүүгө болот. Ноокат райондук мамлекеттик администрациясы, Ноокат шаарынын мэриясы, «Көк-Жар» айыл өкмөтү жана жеке ишкерлер тарабынан колдоолор көрсөтүлүп турат.

2026-жылдын 23-июнунда мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлердин күнүнө карата спорттун кичи футбол түрү боюнча акимдин кубогу болуп өттү. Бул иш-чарага укук коргоо органдарынын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызматкерлери, тактап айтканда, 16 мекеме-ишкананын жетекчилери жана кызматкерлери катышышты.

Алдыңкы орунга чыккан командаларга райондук мамлекеттик администрациясы тарабынан акчалай сыйлыктар тапшырылды. Ошондой эде Ош областтык дене тарбия жана спорт комитетинин Диплому жана медалы берилди.

23-февраль-Мекенди коргоо күнүнө карата да Ноокат районунун жаштарынын арасында спорттун футбол оюну боюнча иш-чара болуп өттү. Аларга райондук мамлекеттик администрациясы тарабынан Диплом, медаль, кубоктор тапшырылды.

Бурма Ысакова.

